# АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ

**Койчуманова М.А.**
*Койчуманова Майрамкүл Абдыкеримовна – С.Нааматов атындагы НМУнун Мугалимдердин билимин жогорулатуу борбору, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Адептүүлүккө тарбиялоодо ата-эненин орду, багыты, ошондой эле чоң ата, чоң эне, таята, таенелердин даанышман, тубаса тарбиячы, педагогдук ишмердүүлүктөрү жөнүндө баяндалды.*

***Түйүндүү сөздөр*** *Адеп, ыйман, сабырдуулук, рухий байлык, жан дүйнө, морал, даанышмандык, илим, үйрөнүү, абийирдүүлүк, аң-сезим, сылык мамиле”*

***Аннотация*** *В этой статье говорится о педагогической роли родителей, бабушек и дедушек в воспитании в детях нравственности.*

***Ключевые слова*** *Нравственность, духовное богатство, внутренний мир, мораль, прозорливость, наука, научение, совесть, сознание, толерантность.*

Адептүүлүк – адамдын жүрүш-туруш мүнөзүн аныктоо моралдык эрежелер. Аларга сылыктык, сыпайгерчилик, кичи пейилдик, уяттуулук, ызаат кылуу, урмат көрсөтүү, кадырлоо сыяктуу түшүнүктөр кирет. Булардын баары адептүүлүк деген түшүнүктүн ичине кирип, бири-бирин толуктайт. Бирок алар маанилеш эмес. Ар биринин өзүнчө өзгөчөлүгү жана мааниси бар.

Адептүүлүк - өркүндөгөн, чыныгы инсандын касиети. Адеп (морал, орусча-нрава) адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири- бири менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы.

Адептүүлүк адамдардын жүрүш-турушуна, карым-катнаш мамилелерине жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк уятсыздык, айкөлдүк-караниеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет.

Коом адептүүлүктүн нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага дин, илим, саясат, философия, юриспруденция өңдүү коомдук аң-сезимдер да өз таасирин тийгизет. Адептүүлүк нормаларды адамдардын кыйшаюсуз сактоосун көзөмөлгө алуучу эң күчтүү каражат коомдук пикир, элдин назары.

Тарбия деген сөз араб тилиндеги «раббая» - тарбиялоо, үйрөтүү деген маанилерди билдирүүчү сөздөрдөн алынган.

Адептүүлүктүн 4 касиети бар.

1. Даанышмандык.
2. Кайраттуулук
3. Сабырдуулук
4. Адептүүлүк (адилеттүүлүк).

1. Даанышмандык – бул жүрөктүн ар кандай жагдайларда туура нерсени катадан ажыратууга мүмкүндүк берген сапат.
2. Кайраттуулук – бул нерсеге даап жаткандыгынан же андан баш тарткандыгынан көз карандысыз ачуунун күчүнүн аң-сезимге баш ийген абалы.
3. Сабырдуулук – адам кандай абалда болсо да өзүн токтоо, акыл- эстүүлүк менен алып жүрүү.
4. Адептүүлүк – адамдын рухий байлыгы жана кенендиги, даанышмандык талап кылган нерсеге үндөөгө жана даанышмандыктын талабына ылайык анын үстүнөн көзөмөлдүк кылууга мүмкүн берген сапаттар.

Үй-бүлө ыйык түшүнүк. Анын ата-эне, перзент сыяктуу тиректери бар, алардын бирөө жок болсо, үй-бүлө бир элементин жоготконсуп калат. Үй-бүлөнүн тиреөөч түркүктөрүнүн бири- эне, б.а. аял болуп эсептелет. Үй-бүлөнүн жетекчиси ата. Үй-бүлөнүн бактысы эненин бактысы менен ченелет. Бактылуу эне балдарына жакшы тарбия берет, жан дүйнөсүн байытат, аларды адамкерчиликтүү адептүү, мээримдүү, маданияттуу кылат.

Баланы багуу кандай парз болсо, тарбиялоо да ошондой парз. Тарбия өмүр бою керек. «Тарбия башаты – үй бүлө», «Адеп башы – энеде». Ошондуктан балдарды жакшы жакка тарбиялоону жаш кезинен эле баштоо зарыл. Кичинесинен баштап сылыктык, адептүүлүк, кайрымдуулук, улууларды урматтоо, сыйлоо адеп-ахлах деген нерселерди үйрөтүүлөрү зарыл. Тарбия деген дайыма, үзгүлтүксүз бардык тараптан болуусу керек. Ата-эне балдардын ар тараптан өнүгүшүнө күчтүү таасир этет. Тарбиялоону туура алып барган учурда ал балдар эмгекчилдик, тартиптүүлүк, чынчылдык, өз алдынчалык, сарамжалдуулук, адептүүлүк, ак ниеттүүлүк, кайрымдуулук, жапа-

кечтик, чечкиндүүлүк, кужурмөндүк, камбылдык, жаратылышты коргоо сыяктуу ж.б. сезимдерди айрыкча бекем сиңире алат.

«Ата-эне үчүн өз балдарына жакшы тарбия берүүдөн өткөн мурас жок» *(Мухаммед пайгамбардын хадистеринен).*

Ар бир ата-эне өз уул- кыздарынын адептүү, акылдуу гормоникалык түрдө окуп өсүп жетилүүсүн, турмушта өз ордун таап, эмгек менен эрезеге жетүүсүн күтөт. Ошондуктан, балдарды жакшы жакка тарбиялоону жаш кезинен эле баштоо зарыл. Балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо анын ыкмалары менен методдорун жакшы түшүнбөгөндүктөн тарбиялоону көпчүлүк учурда бар тобокелге салып жүрүшөт. Турмуштук тажрыйбадан көрүнгөндөй ким тарбиялоону педагогикалык жана психологиялык илимий негиздерге таянып жүргүзсө, анда анын жүргүзгөн тарбиялык иши таасирдүү болуп, балада жүрүш-туруштун жакшы элементтери пайда боло баштайт. Балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн терең түшүнбөй туруп, аларды чыныгы аң-сезимдүүлүккө, адептүүлүккө, эмгекти баалай билүүгө үйрөтүү кыйын маселе.

Андыктан ар бир ата-эне өз уул-кыздарынын мүнөзүнө жараша мамиле кылуусу тийиш. Балдардын ички дүйнөсүн үйрөнүү процесси ата-энеден көп нерсени, изденүү, изилдөөнү талап кылат.

Бул иш туура жүргүзүлсө, тарбиялоо ишинин жыйынтыгы жана натыйжасы эффективдүү болот. Булардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууда тапшырылган ар кандай ишке, мейли чоң, мейли кичине болсун баары бир ага жоопкерчилик менен кароого, тарбиялоону унутууга тийиш эмеспиз. Баланын мектептен кийинки бош убагы үйдө, ата-эненин колунда өтөрү белгилүү. Илим тарабынан баланын окуу мезгилиндеги (1 кл.-11 кл.) өмүрүнүн (үчтөн эки) 2/3 бөлүгү өз үй-бүлөсүндө, эне-атанын тарбиясында өтө тургандыгы аныкталган. Үй-бүлөнүн кучагында гана баланын сонун адептүүлүгү акыл-ою, мүдөөсү, маданияттуулугу өсүп-өнүгүп коомдук жөндөмдүүлүгү артат. Ошондуктан аларга бирдиктүү талап коюп , үйдөн түзүлгөн режимдин негизинде контролдукка алып тарбияны талаптагыдай жүргүзүү учурдун учкул маселеси болуп эсептелет.

Баланын сабакты даярдоосун, өз алдынча иштөөгө көнүктүрүү, бул анык сабакка болгон жоопкерчилигин жогорулатат, изденип окууга түрткү берет.

Өз алдынча иштөөгө үйрөнгөн балдар, үй-бүлөнүн ар кандай иштерине активдүү катышышат, эмгектик тапшырмаларды алып, аны белгиленген убакта бүтүрүүгө ашыгат. Үй-бүлөдө балдарга дене- тарбиясын жана эмгектик билгичтиктерди үйрөтүү негизги мааниге ээ. Балдардын организми кыймылды ар түрдүү оюндарды көп талап кылат эмеспи. Андыктан үй-бүлөнүн улуу мүчөлөрү балдардын дене-тарбия жактан туура жана шамдагай болуп өсүшүнө, эмгекти сүйүүгө тарбиялоону дайыма көңүлдөрүнө сактоолору тийиш. Эгерде балага бирдиктүү талап, жеткиликтүү көзөмөл болбосо, анда ал ойноонун, эмгектенүүнүн белгилүү нормаларын бузушат. Мындай болгон учурда балдар адаттан тышкары көп ойноп чарчашат. Үй тапшырмасын аткарууга тескери таасирин тийгизет. Үй-бүлөдө балдарды достукка, жолдоштукка, ынтымактуулукка, адептүүлүккө жана гумандуулукка тарбиялоо керек.

Ата-энелер уул-кыздарын адептүүлүккө тарбиялоодо акын-жазуучулардын тарбия темасына арнаган чыгармаларынан үзүндүлөрдү окуп берип, турмуштук мисалдарды келтириш керек. Кыскасы алар адептүү жүрүш-турушка тарбиялоонун бардык формаларынан жемиштүү пайдаланышса болот. Балдардагы достук сезим, патриоттук дух күн сайын өрчүп - өнүгүшү керек.

Үй-бүлөдөгү улуу адамдар балдар менен ар түрдүү аңгемелешүүлөрдү өткөрүүлөрү максатка ылайыктуу, мисалы өлкөбүздүн ички жана тышкы саясаты, жаңы китептер боюнча, эски кинофильмдер жөнүндө, спорттук жаңылыктар, турмуштук темаларда, улуттук каада-салттар жана ушул сыяктуу темалардын алдында суроо-жоопторду өткөрүүнү ар дайым тажрыйбалап турса бул да балдардын ар нерсеге болгон кызыгууларын, суроолорун канааттандырып, алардын билимдер дүйнөсүнө саякат жасоого болгон умтулууларын жогорулатат. Бирок, бала менен ал же бул темада аңгемелешкенде берилген суроого алдын ала ойлонуп, туура жоопту берүүсү, аңгеменин кыска жана мазмундуулугу, сөздүн тактыгы талап кылынат. Айрым энелер же аталар тарбиянын бул жагына көнүлдү аз бөлүшөт. Баланын ички дүйнөсүн психологиялык өзгөчөлүгүн үйрөнбөй туруп, жакшы жакка, адептүү жүрүш-турушка тарбиялоонун мүмкүн эместигин турмуштук тажрыйба ырастап жатат. Себеби бир эле үй-бүлөдөгү балдардын кыял жоруктары, кабыл алуусу предметтерге болгон ой жүгүртүүлөрү бирдей болбостугу белгилүү. Ошондуктан, ата-эне уул-кыздардын мүнөзүнө жараша мамиледе болуп, алардын ар кандай кызыгууларын эске алуу менен тиешелүү тарбиялык иштерди жүргүзүүсү тийиш.

Ар бир ата-эне өз уул кыздарын ак ниеттүүлүккө, чынчылдыкка, адептүүлүккө, сабырдуулукка, эрктүүлүккө, кичи пейилдүүлүккө, патриотизмге тарбиялап, бала үчүн, анын келечеги үчүн чы-

ныгы камкордуктарды көрүүнү биринчи катардагы зарыл маселелерден деп түшүнүүбүз керек. Балалуу болуш урмат, баланы тарбиялаш кымбат. Ошондуктан ата-энелер баланы жакшылап тарбиялаш керек. Биздин арабызда үлгүлүү балдарды тарбиялап жаткан ата-энелер бар: алардын балдары мейли коомдук иште болсун, мейли окууда болсун өзүлөрүн үлгүлүү алып жүрүшөт.

Акыйкаттык, айкөлдүк, мээнеткечтик, чыдамдуулук, достук, адамкерчилик, мээримдүүлүк ар дайым жеңишке алып келген чоң эненин жомогу баланын жан дүйнөсүн балкытып, сезимин ойготуп, акылын тактайт, ыйманын тазалайт.

Ата-бабаларыбыздын, салттуу, нарктуу үй-бүлөсүндө баланы чоң энелер тарбиялаган. Чоң эне, чоң ата (таяне, таята), эне, ата – табигый, чебер, даанышман, тубаса тарбиячылар башкача айтканда табигый педагогдор, элдик педагогдор.

Небересине элдик жомокторду, болумуштарды, окуяларды көркөмдөп элестүү кылып айтып берген чоң эне, таяне - бул чебер тарбиячы, устат педагог.

Бала үчүн эң мээримдүү, эң жумшак, эң жылуу жай чоң эне менен таяненин үйү, эң жемиштүү сабак-алардын насааты. Энелер баланын да, тарбия табитин назик түшүнүшөт. Даанышман энелер баланын жан дүйнөсүнүн эң терең булуң-бурчуна чейин үңүлүп кирүү жөндөмүнө ээ болушкан. Жылуу-жумшак мээримин төгүү менен баланын жүрөгүн элжиретип, денесин балкыткан. Эненин мээримине карк болгон балада чоң эне, чоң ата, өз ата-энесине, тууган-туушкандарына болгон чыныгы инсандык сүйүү сезими ойгонот. Ал чоңойгондо жалпы эле адамга боорукер, ыйманы пакиза, намыс ариеттүү инсан болот. Ыймандуу инсан болуусу үчүн ата энеси менен айлана-чөйрөсүндөгү элдин тынымсыз кам көрүп жатканын бала жаштайынан баамдап түшүнсө, чоңойгондо алардын ишеничин актоо үчүн жан талашып аракет жасоосу анын ыйык милдети экендигин сезсе гана тарбия туура нукка түшкөн болот деп эсептеген эл.

«Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деп элдик педагогиканын салты боюнча ата-энелер балдарды өтө эле жашынан эмгекке тарбиялашкан. Эмгектенген учурда адегенде ата-энеси, үй-бүлөсү, анан бара-бара айлана-чөйрөдөгүлөр жөнүндө кам көргөн адам мыкты ак ниет, айкөл, мээримдүү инсан болуп жетилет.

Ата-эне кадыры. Моралдык кодексиндеги эң маанилүү адептүүлүк принциптеринин бири адамды урматтоо болуп саналат. Анда адамдардын ортосундагы адамгерчиликтүү мамилелер жана бири-бирин сыйлоочулук, адам адамга дос , жолдош жана бир тууган деп айтылган.

Адамды урматтоого тарбиялоо үй-бүлөдөн башталат. Улууну урматтоо кыргыз элинин эзелтен калган ыйык салты. Улуу дегенде эжеси менен агасынан тартып анын ата-энеси, ага-тууганы, чоң ата, чоң энеси, жана улуу адамдарды түшүнөбүз. Улууну урматтоо элге кызмат кылуу, ата-энеге кызмат кылуу, ата-энени сыйлоодон башталат. Экинчи жактан алганда улуулар кичүүлөр үчүн жүрүш-туруштун жакшы жактарын көрсөтүүгө, адептүүлүктүн, сылыктыктын жана улууну сыйлоонун үлгүсүн көрсөтүүгө милдеттүү.

Үй-бүлө бул чакан коллектив, анда урматтоо жана сыйлоо канчалык туура жолго коюлса, ата-эненин балдарга болгон көңүл буруусу, окууга, эмгекке, коомдук иштерге жасаган мамилесине кызыгуусу ар качан өз алдындагы жоопкерчиликти сезе билишет.

Үй-бүлөдө балдарды жакшы адаттарга, эмгекти сүйүүгө тарбиялоодо ата-эненин кадыр-баркы чечүүчү мааниге ээ. Ал эми кадыр-барк деген, бул ата-энелердин балдарга тийгизген таасири. Кээ бир ата-энелер балдарына тынымсыз буйрук берүүсү, тапшырмаларды берүүсү ашыкча. Азыр акылы жетпейт деген ойдо болуп алар менен кеңешип коюшпайт. Ошондуктан мындай үй-бүлөдө өскөн балдар өз алдынча эч нерсе кыла алышпайт. Бойго жеткенде ата-энелер менен алардын ортосунда пикир келишпестиктер күчөп кетиши мүмкүн. Кээ бир ата-энелер балдарына кайра-кайра акыл-насаат айтып, басса-турса балдарына наразылыгын билдирет. Балдар акыры жадап айткандарын укпай, ал эмес жек көрүп да калат. Кээ бир ата-энелер балдарын кысмакка алуу менен коркутуп үркүтүп кадыр барк алгысы келет. Ыгы жок ачууланып, балдарын үйдөн кууп, алардын сезимине оор жарат калтырат. Ата-эненин мындай адамгерчиликсиздиги баланы эрксиз, жер карама болуп өстүрөт.

Ата-эне балдарына койгон талапты биринчи өзүлөрүнө коюп, өзү аны ийне жибине чейин так аткарууга жетишүүсү ылазим. Ата-эне балдарынын өсүп-жетилүүсүн туура көзөмөлгө алып, алардын кызыгуусун, шык, жөндөмүн туура аныктап билип, алардын өнүгүүсүнө туура багыт берсе, балдарын жан дили менен сүйүп, аларга маданияттуу мамиле жасаса, алар балдарынын алдында чыныгы кадыр-баркка, б.а. авторитетке ээ болот. Тилекке каршы ата-энелердин көбү балдарынын алдында жалган авторитетке ээ болууга умтулган учурлары кездешет.

А.С.Макаренко ата-энелердин эң кеңири таркалган жалган авторитеттеринин төмөнкү түрлөрүнө мүнөздөмө берген:

1. Басмырлоо авторитети өтө эле зыяндуу болбогону менен аябай коркунучтуу. Көбүнчө адепсиз, маданияты төмөн, орой аталар мындай авторитетти пайдаланып балдарды өзүнөн алыстатат, мындай үйдө эненин ролу таптакыр жоголот. Үйдө дайыма коркунуч өкүм сүрөт.

2. Аралыктагы авторитетти айрым ата-энелер пайдаланышат. Мындай аталар атайын өзүнө бөлмө жасатып, ошерде иштеп, балдарга көрүнбөй тамактанат. Өз талабын аялы аркылуу балдарына жеткирет. Муну кээ бир энелер да пайдаланып, чоң энени же үй кызматкерин ортомчу коюп балдарына тарбиялык иш жүргүзөт.

3. Төрөпейилдик авторитет. Бул аралыктагы авторитеттин өтө зыяндуу түрү. Ата өзүн башкача, өтө эле кадырман сезет, өзүн гана мактап сүйлөйт. Башкалардан, ал турмак балдарынан да өзүн оолак тутат. Мындай энелер да болот. Материалдык байлыкты алдыңкы орунга коёт. Бул балдарына тез эле жугуучу адат.

4. Майдачылдык (педанттык) авторитет. Мындай авторитетти сактаган ата-энелер өзүлөрүнүн үй-бүлөдөгү төрөлүк бийлигинен башка эч нерсени билбейт. Айтканы айткан, дегени деген, аны бузууга жол жок.

5. Куру чечендик авторитет. Мындай ата-энелер балдарына акыл насаат айта берет, үйрөтө берет.

6. Сүйүү авторитети. Бул авторитеттин өтө коркунучтуу түрү. Балдардын сүйүүсүнө ээ болуу үчүн ата-эне аларды кыйын сүйгөндүгүн көрсөтүүгө умтулат. Бизди өтө эле кыйын сүйөт, өтө эле назик деген балдарына обу жок мүнөздөмө берүүчү, негизсиз сөздөр көп айтылат.

7. Кайрымдуулук авторитети. Мында да балдарды тил алдыруу үчүн алардын сүйүүсү пайдаланылат. Ата-эне балдарынан эч нерсени аябоочудай, аларды жан дили менен сүйүүчүдөй көрүнүп, алардын көбүн эрке кылып чоңойтушат.

8. Достук авторитет. Мында ата-энелер балдары менен дос, тең ата. Мында жүрө-жүрө буйрукту балдар бере баштаган учур көп кездешет.

9. Сатып алуу авторитети. Балдардын тил алуусу үчүн белек берет же бир нерсе берүүгө убадалашат. Булардан сырткары айрым үй-бүлөлөрдө шайырлануу, сулуулануу авторитети, окумуштуулук авторитет деген өңдүү жалган кадыр-баркка умтулган ата-энелер бар. Ата-эненин ар бир сөзү, алардын кылган иши, адамдарга көрсөткен сыйы, өнөкөтү баланын туура тарбия алышынын негизги шарты. «Бала камырга окшоп жуурулат», эне-ата кандай багыт берсе ошол жакка бурулат. Демек, таланттуу болуш табигаттан, ал эми адептүү болуу туура тарбиядан экендиги талашсыз. Бул үчүн дайыма бирдиктүү талап, таалим-тарбия керек. Ошондуктан, үйдө ата-эне, мектепте мугалимдер, класс жетекчилер, каалаган учурларда коомчулук балага бирдей талапты коюп бирдиктүү багыт менен тарбияласа учурдун талабына жооп берген адептүү инсан болору шексиз.

Колдонулган адабияттар:


1. Жусуп Баласагын «Кут алчу билим», -Фрунзе. 1989;
2. Мурас. -Фрунзе «Кыргызстан» 1990;
3. Бекембай Апыш. Педагогика. –Ош, 1993;
4. Сухомлинский В.А. Избранное педагогическое сочинение Т-1, Т-2.
5. Бекембай Апыш. «Тарбия назарияты», -Ош, 1996 ж.
6. Ш.Ж.Назаралиева «Адеп топтому». Мугалимге жардам 5-11 класстар үчүн.
7. Журнал «Билим, тарбия, адеп» № 2, 2005-ж.


**Рецензент: п.и.к., доцент Ж.Б.Эгимбаева.**